**" Бактылуубуз "**

Сөзү: Асанбекова Лариса Шейшеналиевна

Обону: Ташболотов Болот

Тагдырдын тартуу кылган белеги сен
Түбү жок ак сүйүүмдүн тереңи сен
Өмүрдүн бөксө жерин толуктаган
Азыгы жандүйнөмдүн кереги сен.

Сен дагы көк тиреген аска зоомсуң
Жөлөнүп мен таянаар бийик тоомсуң
Өзүңдөй асыл жанды жолуктурган
Ишенип тагдырымдын бергем боосун

Үйүмдүн берекеси жарыгы сен
Жанымды бүтүн кылаар жарымы сен
Сүйкүмдүү балдарыма эне болгон
Сүйгөн жар уй бүлөмдүн кадыры сен

Сен барда телегейим тегиз болуп
Башыма бакыт кушу келип конуп
Раазымын миң мертебе тагдырыма
Чөйчөгү зор бактымдын толуп турсун

Бактылуубуз бактылуубуз
Кудайым нурун төксүн
Балдарыбыз аман болсун
Аллага шүгүр дейбиз.